**ОшМУнун Физика-техника факультетинин**
**Окуу-методикалык комитетинин 2023-жылдын 18-апрелинде**
**болуп өткөн кезектеги кеңешмесинин № 2 протоколунан**
**к ө ч ү р м ө**

ОМКнын мүчөлөрү - 18
Катышкандар: - 14
Катышпагандар: - 4

**Күн тартиби:**

1. Кредиттик окутуу системасында окуу пландарын иштеп чыгуу боюнча нускаманы талкулоо.
2. Кредиттик окуу системасында ЖКББПнын жаңы окуу пландарынын структурасын талкулоо.
3. Офис-регистраторду уюштуруудагы студенттин жол картасын талкулоо.
4. Ар түрдүү маселелер.

**1-маселе. Угулду:**

Физика-техника факультетинин Окуу-методикалык комитетинин төрагасы, доцент Айдарбеков З.Ш. 2023-жылдын 14-апрелинде ОшМУнун Окуу-методикалык бирикмесинин (ОМБ) отурумунда кредиттик окутуу системасында окуу пландарын иштеп чыгуу боюнча нускама сунушталганы жөнүндө маалымат берди. Бул нускамага ылайык ар бир семестрдеги дисциплиналардын саны 6дан ашпоо керек, ал эми дисциплина боюнча кредиттердин көлөмү 4-6 кредитти түзүү керек. Мындайча айтканда жаңы окуу пландарында дисциплиналардын санынын кыскаруусу каралып жатат. Ушул маселени комитеттин жыйынында талкулоо сунушталды. Ошондуктан бул маселе боюнча пикириңиздерди билдирип, сунушуңуздарды бериңиздер.

**Талкууга чыккандар:**

1. ЭТФ кафедрасынын башчысы, доц. Осконбаев М.Ч.: Бизге сунушталып жаткан кредиттик окутуу системасында окуу пландарын иштеп чыгууда көп жагдайлар каралган эмес. Бул система коомдо жарылууга алып келиши мүмкүн. Бир семестрдеги дисциплиналардын саны 8ди түзүү керек, ал эми дисциплина боюнча кредиттердин көлөмү 3-6 кредитти түзүү сунушун айтты.
2. Жалпы физика жана ФОУ кафедрасынын башчысы, доц. Жуманова М.М.: Мен Маралбек Чотоевичтин сунушун колдойм, себеби, кээ бир предметтердин көлөмү аз, кээ бириники көп болгондуктан көйгөй жаралат. Ошондуктан семестрдеги предметтердин саны 8, ал эми предметтердин кредиттик көлөмү 3төн 6га чейин болсо жакшы болот.
3. ЭТФ кафедрасынын ага окуутучусу А. Жапаркулов: М.Ч. Осконбаевдин ар бир семестрдеги дисциплиналардын саны 8 жана дисциплинанын көлөмү 3-6 кредитке барабар болсун деп айткан сунушун колдоймун.

Жогоруда айтылган 2 сунуш добушка коюлду.

1-сунуш боюнча (семестрдеги дисциплиналардын саны 6дан ашпоо керек, дисциплинанын кредиттик көлөмү 4-6 кредитти түзүү керек) – “макул” - 3, “каршы” – 11.

2-сунуш боюнча (семестрдеги дисциплиналардын саны 8ди, ал эми дисциплинанын кредиттик көлөмү 3-6 кредитти түзүү керек) - “макул” - 11, “каршы” – 3.

Добуш берүүнүн жыйынтыгында Физика-техника факультетинин Окуу-методикалык комитети 1-маселе боюнча **токтом кылат:**

1. Кредиттик окутуу системасында жаңы окуу пландарды иштеп чыгууда ар бир семестрдеги дисциплиналардын саны 8ди, ал эми дисциплинанын кредиттик көлөмү 3-6

кредитти түзсүн.

2. Физика-техника факультетинин Окуу-методикалык комитетинин токтомун карап берүү жагы ОшМУнун Окуу-методикалык бирикмесинен суралсын.

**2-маселе. Угулду:**

Физика-техника факультетинин Окуу-методикалык комитетинин төрагасы, доцент Айдарбеков З.Ш. 2023-жылдын 14-апрелинде ОшМУнун Окуу-методикалык бирикмесинин (ОМБ) отурумунда кредиттик окутуу системасында ЖКББПнын жаңы окуу пландарын иштеп чыгуу боюнча долбоордун сунушталганы жөнүндө маалымат берди. Бакалавриат программасы боюнча кредиттердин саны 240 кредитке барабар. Жалпы билим берүү цикл боюнча кредиттердин саны 30 кредит (16 – базалык бөлүм, 4 – ЖОЖ компоненти, 10 – тандоо курсу), кесиптик цикл боюнча кредиттердин саны 170 кредит, практикага – 30 жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга – 10 кредитти түзөт. Базалык бөлүмгө кыргыз тили, орус тили, чет тили жана философия дисциплиналар Билим берүү стандартындагы жалпы илимий, инструменталдык жана социалдык инсандык компетенцияларды калыптандыргандыктан киргизилди. ЖОЖ компоненти катары кесиптик ишкердүүлүк жана маалымат технологиялары дисциплиналары киргизилди. Ал эми тандоо курстарына (10 кредит) элективдүү дисциплиналар студенттердин тандоосунун негизинде киргизилет. Ушул сунушту окуу-методикалык кеңештин жыйынында талкуулап, сунуштарды беришибиз керек. Ошондуктан бул маселе боюнча пикириңиздерди билдирип, сунушуңуздарды бериңиздер.

**Талкууга чыккандар:**

1. Жалпы физика жана ФОУ кафедрасынын башчысы, доц. Жуманова М.М.: Жаңы окуу пландардын структурасына физика жана математика дисциплиналары кирбей калгандыгы өкүнүчтүү, себеби табигый билим берүү жана инженердик адистиктерди окутууда физика жана математика дисциплиналары базалык предметтер болуп эсептелет. Ошондуктан физика жана математика дисциплиналарын табигый билим берүү жана инженердик адистиктердин окуу пландарынын базалык бөлүгүнө ар бирине 5тен кредит берүү менен киргизүү зарыл деп эсептеймин.

2. ЭТФ кафедрасынын башчысы, доц. Осконбаев М.Ч.: Мен доцент М.М. Жумановханын сунушун колдойм. Азыркы мезгилде табигый билим берүү жана инженердик адистиктерди физика жана математикасы жок элестетүүгө болбойт. И Раззаков атындагы КМТУнун тарабынан сунушталган жаңы окуу пландардын шаблонунда ГСЭ жана МЕН циклдары сакталып калган, физика, математика жана информатика дисциплиналары базалык бөлүмгө ар бири 5 кредиттик көлөмдө киргизилген. Андан сырткары ЖОЖ компонентинде физика 2, математика 2 жана информатика 2 дисциплиналары ар бири 5 кредиттик көлөмдө киргизилген. Ошондуктан аларды сөзсүз жогорудагы адистиктердин жаңы окуу пландарынын базалык бөлүгүнө киргизүү керек.

Талкууга чыгышкан доцент Омаралиева З.Ы., доцент Матисаков Т.К., ага окутуучулар Жапаркулов А., Жороев А.М., улук окутуучу Эгемназарова А.Ж. ж.б. доцент М.М. Жумановханын сунушун колдошту.

Жогоруда айтылган 2 сунуш добушка коюлду.

1-сунуш боюнча (ректорат тарабынан сунушталган жаңы окуу пландардын структурасынын долбоору) – “макул” - 4, “каршы” – 10.

2-сунуш боюнча (ректорат тарабынан сунушталган жаңы окуу пландардын структурасынын долбооруна кошумча катары физика жана математика дисциплиналарын табигый билим берүү жана инженердик адистиктердин окуу пландарынын базалык бөлүгүнө ар бирине 5тен кредит берүү менен киргизүү керек) - “макул” - 10, “каршы” – 4.

Добуш берүүнүн жыйынтыгында Физика-техника факультетинин Окуу-методикалык комитети 2-маселе боюнча **токтом кылат:**

1. Ректорат тарабынан сунушталган жаңы окуу пландардын структурасынын долбооруна кошумча катары физика жана математика дисциплиналарын табигый билим берүү жана инженердик адистиктердин окуу пландарынын базалык бөлүгүнө ар бирине 5тен кредит берүү менен киргизилсин.

2. Физика-техника факультетинин Окуу-методикалык комитетинин токтомун карап берүү жагы ОшМУнун Окуу-методикалык бирикмесинен суралсын.

**3-маселе. Угулду:**

Физика-техника факультетинин Окуу-методикалык комитетинин төрагасы, доцент Айдарбеков З.Ш. 2023-жылдын 14-апрелинде ОшМУнун Окуу-методикалык бирикмесинин (ОМБ) отурумунда кредиттик системага өтүп жаткандыгыбызга байланыштуу офис-регистраторду уюштуруудагы студенттин жол картасы сунушталганы жөнүндө маалымат берди. Ушул маселени факультеттин окуу-методикалык комитетинин жыйынында талкулоо сунушталды. Ошондуктан бул маселе боюнча пикириңиздерди билдирип, сунушуңуздарды бериңиздер.

**Талкууга чыккандар:**

1. ЭТФ кафедрасынын ага окуутучусу А. Жапаркулов: Эгерде биз офис-регистратордун кызматын ишке киргизсек, анда жумуштун көлөмү эбегейсиз көбөйүп кетет экен да, физикалык жактан жетишпей калат, роботтой иштешке туура келет. Азырынча бул кызматты киргизүү али эрте. Ошондуктан аны чоң факультеттердин биринде пилоттук негизде апробация кылып көрүп, андан кийин жайылтуу керек.

Талкууга чыгышкан доценттер Жуманова М.М., Осконбаев М.Ч., Омаралиева З.Ы., Матисаков Т.К., ага окутуучу Досонов Б.Р. ага окутуучу А. Жапаркуловдун сунушун колдошту.

Жогоруда айтылган 2 сунуш добушка коюлду.

1-сунуш боюнча (ректорат тарабынан сунушталган офис-регистраторду уюштуруудагы студенттин жол картасы) – “макул” - 2, “каршы” – 12.

2-сунуш боюнча (ректорат тарабынан сунушталган офис-регистраторду уюштуруудагы студенттин жол картасын факультеттердин биринде пилоттук негизде апробация кылып көрүп, андан кийин жайылтуу керек) - “макул” - 12, “каршы” – 2.

Добуш берүүнүн жыйынтыгында Физика-техника факультетинин Окуу-методикалык комитети 3-маселе боюнча **токтом кылат:**

1. Ректорат тарабынан сунушталган офис-регистраторду уюштуруудагы студенттин жол картасын факультеттердин биринде пилоттук негизде апробация кылып көрүп, андан кийин жайылтылсын.

2. Физика-техника факультетинин Окуу-методикалык комитетинин токтомун карап берүү жагы ОшМУнун Окуу-методикалык бирикмесинен суралсын.

ФТФнын Окуу-методикалык
комитетинин төрагасы, т.и.к.,доцент З.Ш.Айдарбеков

ФТФнын Окуу-методикалык
комитетинин катчысы: А.Б. Сатибекова